| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ БАТКЕН ОБЛАСТЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023-жылдын 26-июлу № 27/90**

**Кызыл-Кыя шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын 2022–жылда жана 2023-жылдын 6 айында аткарган иштери жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине, шаардык кеңештин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023–жылдын 30-майындагы №14 протоколуна негиз, Кызыл–Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын 2022–жылда жана 2023-жылдын 6 айында аткарган иштери жөнүндө Кызыл–Кыя шаардык социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы Т.Давлятованын маалыматы эске алынсын.

2. Кызыл–Кыя шаардык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын башчысы Т.Давлятовага милдеттендирилсин:

- калктын аярлуу катмарын тейлөөдө башкармалыктын кызматкерлери тарабынан аяр жана сылык мамиле жасоону талап кылуу;
- шаардагы аз камсыз болгон үй–бүлөлөрдү аныктоо, аларга социалдык паспортторду толтуруу, жөлөк пулдарды чегерүү, иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү иштерин сапаттуу жүргүзүү ;
- шаардын мэриясы менен биргеликте балдарга карата зордук–зомбулуктарга жол бербөө багытында ата-энеси миграцияда жүргөн балдарды аныктоо жана аларды көзөмөлгө алуу иштерин алып баруу;
- шаардагы эмгек рыногуна мониторинг жүргүзүү менен калкка жана замандын талабына зарыл болгон кесиптерге кайра окутуу жана аларды жумушка орноштурууга көмөк көрсөтүү иштерин активдүү жүргүзүү;
- гуманитардык жардамдар берилүүчү аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн тизмелерин кварталдык жана үй комитеттеринин төрагалары, айыл башчылары менен биргеликте сапаттуу даярдоо;

- гуманитардык жана жергиликтүү бюджеттен берилүүчү жардамдарды өз адресине жетүүнү камсыз кылуу;
- шаардык социалдык жактан коргоо башкармалыгынын ишинде белгиленген кемчиликтерди жыл аягына чейин жоюу.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Калматов**